**Педагогикалык, экономикалык жана техникалык колледж "Нур"**

**2021-2022-окуу жылы, №2 педагогикалык кеңеш**

**Протокол № 56**

**14 сентябрь 2021 жыл**

**Педкеңештин мүчөлөрүнүн жалпы саны:19**

**Катышканы:14**

**Катышпаганы:5**

**Педкеңештин башталышы: 14.00**

**Педкеңештин аякташы:16.00**

**Каралуучу маселелер:**

**1.**ПЭТ колледж "Нур"дун "Кесиптик бирлигинин" маселелерин кароо.(А.Ж.Ураимов)
**2.**2021-2022-окуу жылынын Кабыл алуу комиссиясынын отчёту.(Г.О.Токтоматова)
**3.**2021-2022-окуу жылына жаңы келген иш стажы жок окутуучуларга насаатчы окутуучуларды бекитүү. (Г.О.Токтоматова)
**4.**Окутуучуларды аттестациялоонун жол-жоболору, мөөнөтү жана иш пландары. (Г.О.Токтоматова)
**5.**Жаңы 2021-2022-окуу жылына иш пландарды бекитүү. (А.Ж.Ураимов)
**6.**Жаңы окуу жылына кааналардын даярдыгы жана жооптуу жактарды бекитүү.
**7.**ПЭТ колледж "Нур" адистик программаларын бекитүү.(программа жетекчилери)

1.ПЭТ колледж "Нур" директору А.Ж.Ураимов: - Өткөн педкеңеште колледжде "Кесиптик бирлик" уюмун жүргүзүүнүн үч жолу айтылган, бирок бир чечимге келбей кийинки педкеңешке калтырылган.

1-жолу: окуу жайда расмий түрдө кесиптик бирлик уюму түзүлүп, анын жетекчисин шайлап керектүү иш кагаздарын иштеп чыгуу менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлик уюмуна каттоо.

2-жолу: колледжде локалдык кесип бирлик уюмун түзүү.

3-жолу: колледжде кесиптик бирлик уюмун түзүүнүн муктаждыгы жок.

Ошондуктан бүгүнкү отурумда ушул маселе боюнча бир чечим кабыл алышыбыз керек. Катышуучулардын арсында талаш тартыш болуп, акырында бир добуштан 3-жолун тандап алышты.

**Чечим:** Колледжде "Кесиптик бирлик" уюмун түзүүнүн муктаждыгы жок деп чечим кабыл алынды.

**2.** 2021-2022-окуу жылынын Кабыл алуу комиссиясынын отчёту боюнча Г.О.Токтоматова: - 1-2-3 жана 4-турлар боюнча кабыл алуунун адистиктер боюнча көрсөткүчү:

| 9- база: | 11-база |
|---|---|
| 1. БКМ – 19 | 24 |
| 2. БЭк - 2 | 3 |
| 3. Фк -7 | 2 |

4. БАС - 17 6
5. МК – 7 1
6. ЭС -3 -
7. ЧТ – 6 -
8.МЧТ – 3 3

Жыйынтыгы: 64 39 = 103 студент

Сырттан окуу бөлүмү: БКМс – 2

**Чечим:** Мурдагы жылдарга салыштырмалуу бул жылы окууга кабыл алуу электрондук форматта жүргүзүлдү. Көпчүлүк мөөнөтүндө онлайн окууга тапшырууга жетишпей калган абитуриенттердин ата-энелеринин жана окуу жайлардын сунушу менен Билим берүү министрлиги кабыл алуунун мөөнөтүн 20-сентябрга чейин узартууга чечим кабыл алышты. Ошол себептүү дагы окууга кабыл алууну улантабыз.

**3.**2021-2022-окуу жылына жаңы келген иш стажы жок октуучуларга насаатчы окутуучулады бекитүү боюнча Г.О.Токтоматова: - Жумушка жаңы кабыл алынган эмгек стажы жок окутуучуларга, методикалык жактан көмөк көрсөтүү үчүн окуу жайдын төмөндөгү окутуучулары насаатчы болуп дайындалсын:

| № | Жаңы окутуучулардын ФАА | Насаатчы окутуучулардын ФАА |
|---|---|---|
| 1 | Чынтемир кызы Сабира | Мырзанбетов Кадырали Карачаевич |
| 2 | Айтиева Толгонай Маматалиевна | Сулайманов Абдумалик Тожанович |
| 3 | Эгембердиева Алтынай Эгембердиевна | Батыралиева Бермет Джалиловна |
| 4 | Асылбекова Аида Асылбековна | Матанбаева Зымырат Эркуловна |

**Чечим:** Жогорудагы Г.О.Токтоматованын даярдап келген билдирмеси жалпы катышуучулар тарабынан колдоого алынып, буйрук чыгарылсын деп чечим кабыл алынды.

**4.** Окутуучуларды аттестациялоонун жол-жоболору, мөөнөтү жана иш пландары жөнүндө Г.О.Токтоматова чыгып төмөнкүлөрдү билдирди: - Окуу жылынын башталышында уюштуруучулук иштер көп, анын үстүнө окуу процессиндеги өзгөртүүлөрдү дагы карап эске алышыбыз керек, ошондуктан окутуучуларды аттестациялоодон өткөрүүнү окуу жылдын 2-чи жарым жылдыгына калтыралы. Педкеңештин катышуучулары бул сунуш колдоп чечим кабыл алынды.

**Чечим:** Окутуучуларды аттестациялоодон өткөрүү окуу жылынын 2-чи жарым жылдыгына калтырылды. Аттестациялоонун мөөнөтү, критерийлери жана жол жоболорун иштеп чыгуу Г.О.Токтоматовага жүктөлдү.

**5.** Жаңы 2021-2022-окуу жылына иш пландарды бекитүү боюнча А.Ж.Ураимов: - Бүгүнкү күнгө чейин жооптуу жактардын бири дагы жылдык иш пландарын бекитүүгө алып келишпеди, ошондуктан дагы 10 күн кошумча убакыт берем, алып келбегендерге тартиптик –жаза- колдонобуз.

**Чечим:** 2021-жылдын 24-сентябрына административдик жооптуу жактар өздөрүнүн жылдык иш пландарын тапшырышсын.

**6.** Жаңы окуу жылына кааналардын даярдыгы боюнча А.Ж.Ураимов: - 2021-2022-окуу жылы ББжИМ указы менен 15-сентябрдан башталат. Эртенки студенттердин келишине саат 9.00 студенттер менен окутуучулардын катышуусунда билим күнүнө арналган жолугушуу болот. Педкенешке чейин башкы эсепчи Б.Э.Ташматова жана инспектор (кадрлар боюнча) Г.Ч.Орунбаева болуп окуу кааналарын көрүп, текшерип чыктык. Кээ бир кааналардагы столдор чаң жана иретке келтирилген эмес, азыр педкеңештен чыккандан кийин ар бир окутуучу кураторлор менен бирге кааналарды карап чыккыла жана кемчиликтерди жойгула.

**Чечим:** Окуу жылынын башталышына кааналары даяр болбогон жооптуу жактар түшүнүк кат жазышсын жана чара көрүлсүн.

2021-2022-окуу жылына карата окуу жайдын кааналарына төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн жооптуу жактар, кааналарга бекитилген тайпалар жана ал тайпалардын кураторлору бекитилсин.

| Каана Ном. | Каананын аталышы | Жооптуу жак | Тайпа-лар | Кураторлор |
|---|---|---|---|---|
| 103 | Атайын предметтер каанасы (финансы) | Айтиева Толгонай Маматалиевна | Фк 2-19 | Айтиева Толгонай Маматалиевна |
| 105 | Тарых каанасы | Ныязбек уулу Исабек | Фк 1-21 | Ныязбек уулу Исабек |
| 107 | Педагогика жана психология каанасы | Чынтемир кызы Сабира | БКМ 2-19 | Чынтемиркызы Сабира |
| 109 | Социалдык-эконом. дисциплиналар каан | Сулайманов Абдумалик Тожанович | БКМс1-21 | Мамарасулова Нургиза Абдылкашымовна |
| 301 | Компьютер. класс | | | |
| 302 | Аскерге чейинки даярдоо каанасы | Ташимбетов Болотбек Жаркулович | БАС 1-21 | Ташимбетов Болотбек Жаркулович |
| 303 | Көркөм өнөр каанасы | Мырзаканова Айжамал Айдаралиевна | БКМс 1-19 | Мырзаканова Айжамал Айдаралиевна |
| 304 | Математика каанасы | Мамарасулова Нургиза Абдылкашымовна | БКМ 1-21 | Мамарасулова Нургиза Абдылкашымовна |
| 307 | Англис тил каанасы 1 | Батыралиева Бермет Джалиловна | ЧТ 2-19 | Батыралиева Бермет Джалиловна |
| 308 | Кыргыз тили жана адабияты каанасы | Казыбекова Гүлүмкан Аскаровна | Нур-14 | Казыбекова Гүлүмкан Аскаровна |
| 309 | Англис тил каанасы 2 | | | |
| 310 | Атайын предметтер каанасы (англис тил) | Нуркулов Эмильбек | ЧТ 1-21 | Нуркулов Эмильбек |
| 401 | Атайын предметтер каанасы (БАС) | Токтобаева Айзирек Сатаровна | БАС 2-19 | Токтобаева Айзирек Сатаровна |
| 402 | Орус тили каанасы | Мырзанбетов Кадырали Карачаевич | Нур-13 | Мырзанбетов Кадырали Карачаевич |
| 407 | Физика каанасы | Сенкебаева Элиза Джунусбековна | | |
| 408 | Химия жана биология каанасы | Джоробаева Нуржан Джумабаевна | | |
| 410 | География жана экология каанасы | Асылбекова Аида Асылбековна | БКМс 1-20 | Токтобаева Айзирек Сатаровна |

**7.**ПЭТ колледж "Нур" адистик программалар боюнча 050303 Англис тили адистигинин программа жетекчиси Б.Д.Батыралиева: - 2020-2021- окуу жылында колдонууга сунушталган НКББПларга замандын талабына жана МББС талаптарына ылайык өзгөртүүлөр киргизилип, окутуучулар жана кызыкдар тараптар арасында талкуулар

жүргүзүлдү жана пед.кеңешке сунушталды. Колледждеги башка программа жетекчилер дагы Батыралиевананын сөзүнө кошулуп, НКББПларды бекитүүнү сунуштаашты.

**Чечим:** Программа жетекчилери даярдаган НКББПлар учурдун талабына ылайык өзгөртүүлөр менен бекитилсин..

Педагогикалык кеңештин төрагасы:________________ А.Ж.Ураимов
Педагогикалык кеңештин катчысы: ________________ Г.Ч.Орунбаева